


АБДЫКАЛЫК ЧОРОБАЕВ

# АЛП ТОБОК



АБДЫКАЛЫК ЧОРОБАЕВ

# АЛП ТОБОК

## (УЛАМЫШТАР)

„МЕКТЕП“ БАСМАСЫ ФРУНЗЕ 1970 ж.



## АЛП ТОБОК

Уламадан уккан сөз,
Угулуп тарап чыккан сөз,
Карылардан калган сөз,
Кайсы бири жалган сөз,
Көрүп калган адам жок,
Көп оозунан алган сөз.

Илгеркинин алпы көп,
Алп жөнүндө калпы көп,
Аты Тобок акенин
Айтылып жүргөн даңкы көп.

Андан бери болжолу,
Жүз жетимиш жыл өткөн
Төгүнү-чынын ким билет,
Калмактар аскер жөнөткөн.
Тогуз-Торо жеринде,
Тополоңдуу күн өткөн.

2—1317

Тобок аке ким экен,
Түбүнөн айтам тарых кеп.
Кагазга жаздым ошону
Билгенимче сүрөттөп.

Элге берген жардам дейт,
Түп Бээжинге барган дейт,
Андагы Тобок эрдигин
Айтуусу бизге калган дейт.

Ошолордун баянын
Ырдап элге жаяйын:
Көрдүк деген адам бар,
Үч-төрт кулач таягын.
Ай балта саптап башына
Алып жүргөн жөлөгүн
Отун кылган оңбосун,
Сактап койбой белегин.

Тобок өзү чоң экен,
Адамда андай жок экен.
Атан төөнү көтөргөн,
Алп күчү бар зор экен.

Сорголтугун айтайын,
Тоодон кийик уулаган
Жаа тартканга маш экен
Атса жыргап куунаган.

Этин такыр кактап жеп,
Бир кийикке тойбогон.
Эч болбосо кийиктин
Шыйрагын да койбогон.

Беш Көлдөн аткан маралды,
Неме койбой жеп келген,
Байбичем утур карайт деп,
Кисесинин түбүнө
Бир кесим боор эт келген.

Терисин ийлеп келчү экен,
Тескейден ышкын терчү экен.
Алдынан чыкса балдары
Сакасын гана берчү экен.

Анжыян барам дегенде,
Айылда катын-калачтар
Боёто кел балбан деп,
Аманат берчү адат бар.
Жүн-жүбүр, кийиз-кечесин
Байлай турган жерине,
Көрчөгөлүү кайыш кур,
Канжыга таккан белине.
Боз кисеге кол сунуп,
Тандалган нооча катындар
Белине бою жете албай
Көмөрө коюп сокуну,
Чыга калып ошого
Куруна араң жетчү экен.
Байламта байлап бүткөн соң,
Тобок жөнөп кетчү экен.
Ара конуп эртеси,
Кайра жетип келчү экен.
Аялдардын баягы
Аманатын берчү экен.

Балалык чакта азыраак
Ат көтөрбөй төө минген.
Он сегизден өткөндөн
Өмүрүнчө жөө жүргөн.

## 1. ЭСКЕРТМЕ

Кулжыгач, Чоро бир тууган,
Кудайберди баласы.
Чородон Карга, Тойматты
Тарыхтан окуп карачы.
Атактуу болгон алардын
Эч кандай болбойт талашы.
Өткөндөн бери болжолу,
Жүз сексен жыл чамасы.

Тойматтын уулу Жанболот,
Жоо чапкандан калганды,
Жыйнап келип эл кылган,
Атасы жок балдарды.
Тогуз-Торо, Куртканы
Көчүп- конуп кыштады.

Карылардын айтымы,
Кайындары казактан.
Катын алам деп барып,
Кутулбаптыр азаптан.

Анданбы, жокбу, ким билет,
Акыры саат чырмаган.
Эркин жатып үйүндө,
Адам барбы жыргаган.

Ошол өңдүү жоруктун
Бирин айтып ырдайлы.
Бу казалга киргизип,
Жашырбайлы кылдайды.

Төрт уруудан куралган
Бир-бирине жөлөгү,
Жанындагы үч досу
Жанболоттон өнөгү.

Анда булар Чүйдө экен,
Секеликтин сеңирде.
Бугу менен Сарбагыш
Жогорку эки Кеминде.

Ысык-Көл кыргыз жери экен,
Тегереги кең экен.
Көк-Ойрокто, Талгарда,
Казак-кыргыз тең экен.

Көчүп жүрүп Жанболот,
Бир казакка дос болот.
Аны мен төрт киши
Сапар-жүрүп козголот.

Солтодон бар бир жигит,
Бугудан дагы бири бар.
Төртөө жолго аттанып,
Жүрүп калды баатырлар.

Күйөөлөп барды Жанболот,
Аялын алып келгени.
Барганда өргөө көтөрүп,

Кайткан экен эмгеги.
Күйөөлөтүп бир топ күн
Узаткан казак элдери.

Үй көчүрүп кыз алып,
Келе жатса Талгарда,
Каркыранын сайында,
Жолукту бир топ балдарга.
Айылын жоо чапканда
Калышкан экен далдаада.

Корголоп жүрсө коркушуп,
Бирден кармап өңөргөн.
Бир тууган экен ал балдар
Бир энеден төрөлгөн.

Онго чыккан улуусу,
Табылтай экен мунусу.
Аксакал деп казакка
Ал баланы шыйгарды.
Бир-биринен айрылып,
Балдар жаман кыйналды.

Андан кийин сегизде
Жыланкөз деген аты экен.
Бала болуп Солтого
Тараган тукум аз экен.

Уругу бир катташат,
Туташ болуп киндиги.
Аз да болсо көп элдей,
Бу заманда бирдиги.

Алты жашар Чүрүмдү
Бугулар алып багыптыр.
Чүрүмдөн Өмүр тың чыгып
Бугу наамын алыптыр.

Эң кенжеси Боркокту,
Бала кылып асырап.
Өзү баккан эмеспи,
Элине салып кеңешти.

Боркоктон Адыл туулган,
Ал кызыгы дагы бар.
Айтылуу Мөөр ошондон
Кыз да болсо шаңы бар.

Агасы Өмүр аркылуу,
Салмаке Карач кудалап.
Өткөрүп жүрсө калыңын
Эп көрбөй Жантай сугалак.
Ыраа көрбөй бугуга,
Көз арткан Мөөр сулууга.

Бугу менен Сарбагыш,
Бир-бирине кол салыш,
Ормонду Балбай өлтүрүп
Жантай кылган ар-намыс.
Аламын деп Мөөрдү,
Алда кайда жар салды.
Атасы Адыл аргасыз
Арбын-калың мал салды.

Канча болсо чыдаган,
Карабектин Жантайы.

Айдай сулуу Мөөрдү
Алып алган карт аюу.

Айтылып жүрөт эмгиче
Ошолордун жоругу.
Эл ичинде эл жүрөт,
Табылат жомок сонуну.

Муну мындай коёлу,
Бүлүк түшкөн Чорону
Окуясын баяндап,
Айтпай кетиш болобу.

## 2. ЖАНБОЛОТТУН КАРМАЛЫШЫ

Ал жылы барып Жанболот,
Тогуз-Торо оюнда,
Нарын суунун боюнда,
«Жыртак» үңкүр дегенге,
Өзүнчө короо беленге,

Кыштап калды деп угуп,
Кашкардан доотай чыкты деп,
Кап-кайдагы эл угуп.

Ат-качырын мингендер,
Узундуу-кыска кийгендер.
Канжа тартып, түтүн жеп
Кара күчкө күлгөндөр.

Сокудай сүйрү баштуулар,
Сокбилектей чаштуулар.

Жебе менен жаа тарткан,
Сепилде турган сакчылар.

Шалпаң кулак, Жөкөрү —
Мылтыктар бар асынган.
Оозун ылдый каратып,
Асынганын жашырган.
Ду-дусу окус «ур» десе
Алтымышы качырган.
Сабап жатып жүн кылган,
Өлүгүн өрттөп күл кылган.

Өз билгенин бербеген,
Тилин адам билбеген,
Тиктеп үйгө кирбеген,
Кириңиз деп сыйласа,
Кепти билбей жиндеген
Колго түшсөң окустан
Башың чыкпайт ширгеден.

Бөлөк элге Жанболот,
Катылганы билинбейт.
Башы барып бир ишке
Же чатылганы билинбейт.

Түн ичинде калмактар
Үч курчап үйдү басыптыр.
Тилин билген киши жок,
Коломтосун казыптыр.
Күрөктөп күлүн сапырып,
Түндүгүнөн чачыптыр.
Казган жерге казанын
Тулга салбай асыптыр.

Ошондой окшойт ырымы,
Жорук-жосун кылыгы.
Билгениндей тамагын
Быштыбы жокпу ичип-жеп,
Жөргөм турса чийкилей,
Жиптерине тизип жеп.
Жанболотту жаткырбай,
Байлалуу болду колдору.
Баласы жалгыз Берикти
Муну да бош койбоду.
Он бир жашар чагында,
Кошуп алып аны да.
Атасы менен кармалып,
Какталды белем жалынга.

Таң атты да, күн чыкты,
«Та» деген гана үн чыкты.
Тарсылдата сабады,
Атасы менен баланы.
Ыйласа ырай кылабы,
Жалынса жаны калабы.

Алып келген ошентип,
Ат-качырга таңуулап.
Күйөрү менен бышары
Артында калган саруулап.

Ошо бойдон дайынсыз,
Күндөрдөн да күн өттү.
Артынан барган адам жок,
Жылдардан да жыл өттү.
Азапка башы чырмалды,
Көрбөдү бир да жыргалды.

Кайгы менен кан жутуп,
Катыны байкуш тул калды.

Алты жыл болду дегенде,
Аялы да өлгөн дейт.
Калың журту жабылып,
Кайгыруу менен көмгөн дейт.

Же артында калган бала жок,
Же издеп алар чама жок.
Же Жанболоттун артынан
Кабар алып келгидей,
Кайраттуу тууган-ага жок.

Ай баткандай болуптур,
Элдин даңктуу кишиси.
Он жыл болду кеткени
Же угулбайт тирүүсү.

Жылыга барат тандалып,
Жанболот таппай сандалып.
Дайынын билбей келишет,
Ат арытып каржалып.

Хотен менен Кашкардан,
Үрүмчү, «Манас» жактардан.
Ат ташыркап чыдабайт,
Ашуулуу нечен катмардан.

Дарексиз он жыл дайны жок,
Ошо бойдон жоголду.
Кудайды карап болсочу,
Бул өңдөнгөн коромжу.

## 3. ЭЛ МАКСАТЫ

Башы Куртка жайыктан,
Суусамыр жайлоо алыстан
Арстанбап менен Анжиян,
Чүйдөн келди калыстан.

Ан үчүн аттуу, баштуулар,
Баарысы келип куралган.
Каба, Басыз алардан
Тезек менен Тагайдан,
Курманкожо, Катаган
Намызы бар далай жан.

Кабарлашып куралып,
Келишти булар суранып
Чогулуп келген эл айтат.
Ынтымактуу кеп айтат:
Он жыл болду дайны жок,
Баласы менен Жанболот.
Барып кабар албаган
Намыссыз кандай жан болот.

Алты жолу барыппыз,
Аксыдан кабар алыппыз,
Турпанга чейин барыппыз,
Туш-туштан издөө салыппыз.
Мындан дайны чыкпады;
Быйыл он жыл кыштады.

Же өлүүсүн билсекчи,
Же тирүүсүн билсекчи.
Улугу турган нак ошо
Бээжинге чейин кирсекчи.

Бардаштуу элең барып кел,
Мындан кабар алып кел.
Сизден башка айла жок
Тирүүсү болсо таап кел.
Өлгөн болсо сөөгүн
Булгаарыга оро да,
Чоң кисеңе салып кел.
Айланайын алпыбыз
Аймакка бар баркыңыз.

Элиң минтип эп көрөт,
Калкың сизди каалады.
Алп күчүңүз бар үчүн
Андайга сизди баалады.
Дешип бары чуркурап,
Намыс жолун эстетип.
Ой-пикирин айтышты,
Дүйүм болуп кеңешип.

Келген элге тай союп,
Коногум деп кой союп,
Ызаат кылып узатты
Түлөө атап, той союп.

## 4. ТОБОК ҮЙДӨН ЧЫКТЫ

Таң кылайып атканда,
Татты уйкуда жатканда,
Торгой сайрап учканда.
Тоо-Тоодон улар сызганда,
Көктөн шоокум бөлүнүп,
Күн чачырап чыкканда.

Коргондун чаты бөксөдө,
Козуке, Баян «Мазары»,
Как ошонун жанына
Тобок кончу атайы,
Үйүнүн жайын айтайын,
Он эки кулач баканы.

Тобок өзү баткандай,
Капшытка бойлоп жаткандай.
Кереге жайып болгон соң,
Атчандар уугун улаган.
Бийиктиги ошондой
Канатка канат кураган.

Түндүгүн сайып көтөргөн,
Он эки кулач баканга.
Чак түштө баштап тигилсе,
Болучу экен араң жатарда.

Ошол үйдөн чыкканда,
Бөлүндү Тобок санаасы.
Кандай өңдүү болду экен,
Түн Бээжиндин калаасы.

Мен баткандай бир чоң үй,
Болду бекен, жок бекен.
Деп ойлонуп түшүптүр,
Алыскы сапар жолуна.
Ай балтасын аштаган,
Таягын кармап колуна.
Жол азыгы чоң чанач,
Сүзмө таңып жонуна.

Күкүк болуп Нарын суу,
Кирип турган убагы.
Ылайланып боз чалма
Ирип турган убагы.

Кичи Нарын,Чоң Нарын
Жарып өткөн өзөн дейт.
Бул өңдөнгөн дайрадан,
Кантип жөө кечем дейт.
Агыны катуу жеринен
Аттап-аттап өтөм дейт.
Суунун башы чыккан жер,
Тоожукенин бели дейт.
Аркыраган капчыгай
Бетке тиет жели дейт.

Майда суулар чогулуп,
Ойго түшсө Нарын дейт.
Капчыгайдан беркиси
Кечүү бербес агын дейт.

Түптүү терек, карагай,
Агып турган убагы.
Бугу, марал куушуп,
Барып турган убагы.

Суу боюна олтуруп,
Көңүлүнө толтуруп.
Ушунчалык чытырман,
Аралында токою.
Силкип салма жеке сан,
Бутка кийген чокою.

Чечип алып түрүнүп,
Кечүү карап жүгүрүп.
Көтөрүп жүрүп жүк кылбай,
Такыр ичип алам деп,
Чаначтагы сүзмөнү
Курсагыма салам деп.

Жайма кылып суу кошуп,
Нары-бери ургулап.
Жумуруна жук болбойт,
Жутканда ичи кулдурап.

Жана эле үйдөн чыгарда,
Айылдагы айранды,
Неме койбой бүт ичкен,
Кайтып анын үстүнө,
Көөрчөк* жакшы болот деп,
Көнөк көнөк сүт ичкен.

Жеңилденип суу кечип,
Тизесине чыккан жок.
Айлампалуу шапшап бар,
Андан башка душман жок.
Тили жок тоону тоотпой,
Нарын суугa киринип.
Түп Бээжинди бет алды,
Өйүзгө чыгып кийинип.

Ак-Талдан өткөн артылыш,
Чап аралап баскан жол.

---

Көөрчөк — айран, сүт кошулганды көөрчөк дейт.

Кара-Бук, суук Капчыгай,
Калмактар арык казган жол.
Улаан ашып, таш басып,
Бурканды бойлоп саз басып.
Чеш-Дөбөнүн жонуна,
Чыгып бир аз отурду.
Көз жүгүртүп туш-тушка,
Көңүлүнө толтурду.
Мурункудан калган сөз
Андан мурун ал жерди,
Санжы-Сынчы «Көзү ачык»
Сынап өткөн дечү экен.
Падыша болуп калмактан,
Улан өткөн дечү экен.
Айткан сынын карылар
Улап өткөн дечү экен.

Жердин эки баштуусу,
Алтын Эмел салкын тоо.
Как ушу жер турбайбы,
Айланасы алтын тоо.

Эки баштуу деген сөз,
Батыштан да суу келет,
Чыгыштан да суу келет.
Кошулган суу аралы,
Төлдөгөн бугу-маралы,
Андай сонун. көркөмдү,
Айтпаса кумар канабы.

Тескейинде карагай,
Элиги черден бакырат.

Күн тийгенде суу кирип,
Күкүгү сейнек чакырат.

Жердеген элдин эч качан,
Бузулбайт имиш жергеси.
Туурдугу сыйрылбай,
Жыргап өтөт пендеси.

Кырма кызыл кынадан,
Өксүбөйт акыр заман да.
Алтын эмел салкын тоо,
Жыргалы көп адамга.

Деген экен ал киши,
Ат-Башыны сүрөттөп.
Жыргап-куунап калың журт,
Ошо жерде күн өтмөк.

Ат-Башы болгон себеби,
Бир кашкарлык койгон ат.
Арыгынан басалбай,
Ачка болгон ойрон ат.
Арпанын башы жайыктан,
Азыраак оттоп тойгон ат,
Ээсине карматпай,
Атып алып сойгон ат,
Башын сайып жыгачка
Ат-Башы деп койгон ат.
**Алтын Эмел өз атын**
Андан кийин жойгон ат.

Чет-Дөбөгө келгенде,
Баш терисин сыйырып,

Мандайына жазыптыр,
Эс алып туруп тыныгып.

Андагы каты мындай дейт:
Жалганы жок кылдай дейт,
Арпа кенен жазы деп,
Азаптуу жолдун ташы деп,
Арык атка бир паста,
Алдырыптыр казы деп,
Ат ээсине карматпай,
Берет экен мазы* деп,
Бул жердин аты коюлсун
Аттын гана башы деп.

Жазган дешет карылар,
Дагынкысы дагы бар.
Калп айткан болсо ошолор,
Акыры карды жарылар.

Мына ошо жер ээелден,
Черик эли турган жер,
Ким келсе да байыр алып,
Көңүлүн өргө бурган жер.

Чыгышын айтат: Каман-Суу,
Көк күмбөз жайыт турагы,
Башчысы анын Максут бий
Мал төлдөткөн убагы,
Жайкалып турган кези бейм,
Кара кыяк тулаңы.
Эндик-упа тоосунда

* Убара кылат деген маанide.

Эки айрылган шыбагы,
Шыбагынын түбүндө
Уктап жаткан улагы.
Ою менен жайдары,
Оюн салып субайы.

Малды көрүп бурулуп,
Басып барды бешимде.
Маалы болчу болжолу,
Намаздигер кечинде.

### 5. МАКСҮТ БИЙ ЖОЛУКТУ

Максүт бий көрүп алыстан,
Серепчилеп караса,
Өзүнчө жылып бир неме,
Ажап кызык тамаша,
Жер көчкү десе адамдай,
Жылып басып келатат.
Көрбөсө да, уккан да,
Бу Тобок алп го деп айтат.
Эси чыгып кыйкырып,
Жигиттин баарын жыйдырып,
Иттердин баарын карматты.
Казыкка бекем байлатты.
Өзүнүн өргөө—чоң үйүн,
Көпчүлүккө көтөрүп,
Жаңы журтка тиктиртип,
Көлдөлөңдү көйкөлтүп,
Жекендос жерге салдырып,
Баяндос * мамык алдырып.

* **Жекендос, баяндос**—мамык төшөктөр.

Тобок балбан экен деп,
Басып алдын утурлап.
Салам айтып алыстан,
Кол куушурду чукулдап.

Бири-бирине таанышып,
Ким экенин билгизди.
Баштап келип чоң үйгө,
Эшик ачып киргизди.
Элдин баары жарданып,
Эшикте турат таң калып.

Орун салган капшытка,
Чөк түшсө буту жыйналып,
Башы тиреп жабыкты,
Эңкейип карайт кыйналып.

Үйдү сынап кеп айтат,
— О калайык!— деп айтат.

Кашкардын сөкөт талынан,
Керегең кептүү абыдан.
Жасалган экен Максүт бий,
Жүз баштуу үйүң жаңыдан.

Жыйырма беш көктүү болгондо,
Тиймек эмес төбөм дейт.
Барды кенен кылбаган
Сарандык сенден көрөм дейт.

Камтып киймин салчу экен,
Кандагайга шымданып.
Отура албай эңкейип,
Айласы кетип кырданып.

Ошентип уят болуптур,
Тобок батпай үйүнө,
Жабыгына бойлобой,
Алптар өткөн дүнүйө.

Ары-бери жасатып
Май сызыктуу жарманы.
Дасторкон жайып алдына,
Кош колдоп сунуп калганы.
Ачка болгон көрүнөт,
Нан-пандын баарын жалмады,
Артынан да жутканы
Топостун жуурат-айраны.

Элдин баары чогулуп,
Таягына таң калып.
Улам-улам сонундап
Карап жатты жарданып.

Кеч кирди да, күн батты.
Аял эркек түн катты
Конок камын кылбастан
Максут саран тим жатты.

Кой сойбой эле казанга,
Сүт бышыртты бир чара
Арбын салып камырдан
Алдына койду бир бала.

Ыпкап-шыпкап жеп алып,
Бир эле чеңгел түп койду.
Такыр ичип чыгынан
Эки ууртамдай сүт койду.

— Кел, Максут бий, келгиниң,
Келиндерге бергиниң.
Сугунтам десем эт эмес,
Тууураган этке тете эмес,
Сунайын десем түгөнгүр
Кымыз эмес, ак эмес
Кыдыртып ооз тийгидей,
Айран-жуурат дагы эмес.

Баш көтөрбөй баарысын,
Жеп койгонго таарынба.
Жарашып эле калгыдай,
Мүлжүп турса кабырга,
Балдарга берип устукан
Калганын салса карынга.
Короо-короо кой туруп,
Кылбадың го камылга...

Эл жарданып эшикте,
Конок камы жок дешип,
Күбүр-шыбыр көпчүлүк,
Үйдүн жанын үч курчап,
Кары-жашы бүт курчап,
Өзүнчө кеңеш курганда,
Ызаланып Максүтке,
Тобок ачуу кылганда,
Конок камы сенде жок,
Кетемин деп турганда,
Минтип айтып сынады:
Сен сасык бай Сараң бай,
Сарандан да жаман бай,
Битири жок экенсиң
Алты короо коюнду

«Акыретке айдап кетерсиң»
Деп ордунан козголду.
Байда жооп жок болду
Эшикке чыкса эл турат
Жаш-карысы жарданып
Сараң калды арданып
Эл алпарып кондуруп,
Жакшы тамак берүүгө,
Көгөн тартып керүүгө.
Кара уузун эмген койлордон,
Кырк-элүүнү байлаптыр,
Көп катынга саадырып,
Козусун бөлүп кармаптыр.

Туут маалы ошо кез,
Чуркуратып айдатты.
Субайынан аралап,
Иригинен тандатты.

Мойнун кайрып кой союп,
Айыл-апага той союп,
Түндүктөн түтүн булатып,
Түтүнгө түтүн улатып.
Бээни жарып сулатып,

Тоодой Тобок акени,
Төшөк салып жаткырып.
Ошончолук жеп-ичсе,
Күлүп-куунап каткырып.
Короодо койду аралап,
Бир иректи жактырып,

Алып келип сойдуруп,
Таш казанды астырып.

Кыргыздай сыйчыл кайда бар,
Кысыр эмди тай да бар,
Эки энеге тел кулун,
Сойсо конок жайланар.

Дешти дагы чаңдатып,
Түндөп жылкы айдашты.
Боз айгырдын үйрүнөн,
Боолук салып кармашты.
Кулун-тайды чыңыртып,
Сойгон болчу деп айтат,
Тобок аке ичип-жеп
Тойгон болчу деп айтат.

## 6. ТОБОК ЖОЛГО ЧЫКТЫ

Өргүтүп бир күн жаткырды,
Кош атка азык артылды.
Мингизсек деп чоңунан
Көпчүлүк эл чарпылды.

Көтөрбөйт десе болбоду,
Бир карыя болбостон,
Алып келди жоргону.
Бут артканда бел сынган
Очорулуп жаныбар,
Омуроосу тең сынган.
Күлкү болду балдарга.
Аттын бели сынганы.

Ошо бойдон сур жорго
Очорулуп турбады.

Топос жүнүн эштирген,
Кошмосу жок кыл аркан.
Корошондоп туз чылап,
Кырк имерип чыйраткан.
Андан берди кырк-элүү,
Кең Кашкардын ак нанын
Эшекке жүктөп кант, чайын
Кыдыртып жүргөн кез болсо,
Сатып алсын наспайын.
Дешти да курсак камы үчүн,
Ак теңге жок ан үчүн,
Сызма берди кыл берди,
Жезден тешкен пул берди.

Партал атты * жетелеп,
Улуу жолду төтөлөп.
Дал ортого таңылып,
Далай жүктү көтөрөт.

Алты күндүк барганда,
Ат ташыркап жооруган.
Аны сатып тамакка
Аралап Кашкар шаарынан.
Кыргызы бар, уйгур бар,
Сый көрдү көңүл агынан.

Элдин баары танданып,
Зоок кылып жарданып.

---

* Жүк жүктөлгөн ат

Улам бири урматтап,
Сый-Конокко камданып.

Колмо колдон узатып,
Саналуу жети ай жол басып,
Адыр-адыр катмардан
Аскалуу нечен тоону ашып.

Ак сууну бойлоп кыдырып,
Турбады бир күн тыныгып.
Кара жул, Ак чий дегенден
Күйүк токой, өрөөндөн,
Мында да бир күн эс албай,
Түп Бээжинге жете албай,
Сонуркап элдер жардаса,
Сыйын таштап кете албай,
Айылдан айыл жүргөн чак,
Алп Тобокту сүйгөн чак.

Чычар менен Айыктык,
Кызыл күмбөз жарыктык,
Марап башы, Күчөгө
Барганда араң талыкшып,
Карагай жаргак келпинди,
Канча уруу кыргыз
жерсинди.
Кара-Көө, Эрен кабырга,
Чыгыш-батыш жагында,
Долоон деген көчмөн эл,
Туурасы Турпан сайында.
Уругу кыргыз, тил башка,
Эшек минип мал багат,

Какыраган чөл-ташка.
Боз үйлөрү кичине,
Тобок батпай ичине.
Төгөрөк эмес төрт чарчы,
Алачыктын түндүгү.
Өргүдү анда сонуркап,
Алты-жети күн түнү.
Кер-тайлак жерин аралап.
Кетти Тобок жолуна.
Алты атан төө көтөрчү
Азыгын артып жонуна.

Какыраган кара таш,
Кайнагандай чөл басты.
Көчмөн элдер жердеген
Көкөнөр аттуу көл басты
Кара кытай манжынын
Камбыл шаарын тең басты.
Кажарлуу Тобок алпыңыз,
Түркүн-түркүн белди ашты.

Каблан Манас барган жер,
Шаарга аты калган жер.
Үрүмчү, Бейдин, Кулжаны
Бир каратып алган жер.

Ак шумкарын эр неме,
Дайра бойлоп салган жер:
Ошол суу менен Бейдиндин
Манаска наамы калган жер.

Кийинки бизге керээси,
Айтылып калган элеси.
Анын баарын кыдырып,
Алакан жайып бата окуп.
Барыптыр жети ай жол жүрүп.
Туяктын баарын мокотуп.

Чоң Бээжин толгон эл экен,
Дарбазасы бек экен.
Кырк кулач бийик салдырган,
Айланасы чеп экен.
Анын баарын башкарган,
Улугу кыйын эме экен.
Замбилге салып көтөрткөн,
Салтанаттуу бек экен.
Улам тышкы кийими
Төрт элиден кем экен.

Зоок кылып Тобокту,
Кыжылдатып эл жыйган.
Суракка алып каратып,
Карыларын тең жыйган.

Тилмеч салып кеп сурап.
Кайдан келдиң деп сурап,
Казанага бактырган,
Балбаны бар жактырган.
Күчүн сынап көрүүгө
Бой теңетип бастырган.

Казаналык балбандар,
Карап турду жанына.
Сурагында Тобок алп,
Жооп берди ханына:

## 7. ТОБОК АЙТТЫ

— Биздин кыргыз эзелден,
Көк шиберди төшөнгөн.
Айлана топ курчаган
Алтын чөйчөк жерде элек,

Аштык айдап, мал багып,
Оокат кылып сермелеп,
Эзелден бери жергебиз,
Бузулбаган әлде элек.
Барын байлап алгандай
Манжудан кыргыз кем белек
Бул эмине кордугуң,
Көрүнөө кылган зордугуң?
Жаш баласын таштабай,
Алып кеткен жоругуң?

Мына ошого мен келдим,
Жети ай бою сенделдим.
Эр Жанболот дегеним
Ээси болчу жергемдин.

Же ууру кылган болбосо,
Же ушак сүйлөп койбосо,
Же эриш бузуп, эр өлгөн
Тополонду салбаса.

Же калаалуу коргон чебиндин
Капкасын бузуп албаса?

Коломолуу көп кошун,
Жаз барбады, кыш барды.
Аз барбады, көп барды,
Талаа толуп жыш барды.

Кызыл уук кыйратып,
Кыз-келинди ыйлатып,
Кыргыз кийчи бут кийим
Жеке санды жыйнатып,
Тебелетип, тепсетип,
Ат качырып туйлатып.
Өрттөдү короо-сарайды,
Ширге каптап далайды.
Башкасын айтып не кылам,
Балдарды урган жарайбы?

Жеке сан жайын айтайын,
Алдыңыздан кайтайын.
Ичи кийиз сырты көн,
Татынакай үйүргөн,
Жоон санга барабар
Силкип салма кончу кең.

Мындан алды алты жүз,
Жыңайлак калды калкыбыз.
Кордук көрдүк ошентип,
Ак калпак кыргыз жалпыбыз.
Сабап кирсе качырып,
Кетип калды баркыбыз.

Жаш баланы сабаса,
Ата-энесин камаса,
Жан чыгары эп экен
Киймибизди таласа.
Айылда балдар көп өлдү,
Жүрөгү түшүп дагы өлдү.

Жанболот жайын угуңуз,
Жетимди жыйнап эл кылган.
Жергелүү журттун баарысы
Жеке ошону бел кылган.

Ошон үчүн күнөөлөп,
Баласы менен алдыңар
Тоодо жаткан калкымын
Тобуна бүлүк салдыңар.

Баланын жайын айтайын,
Кандай өңдүү төрөлдү.
Угуп алгын падышам
Уругу кыргыз көп элди.

Эркек тууса сүйүнүп,
Элдин бары үйүлүп.
Түлөө кылып мал соёт,
Жентегине май берет.
Жамааны куру таштабай,
Тамак-ашын жай берет.

Андан кийин бешик той,
Үйдө жокко кешик той.
Бешик тойдо жыргашат,
Сал билек деп ырдашат.

Жашы бирге чыкканда,
Эмгектеп тизе жыртканда.
Тушап туруп тушоосун
Бычак менен кыркканда,
Жарыштырып балдарды,
Калыс кылып картаңды,
Даңазалап той берет,
Чыкканына кой берет.
Тогузуна байге бар,
Мындай сонун кайда бар.

Тамтаң-тумтаң басканда,
Тай күлүк деп ырдашат.
Айырмачты жасатып,
Ат мингизип жыргашат.
Той берип жаткан эл болсо,
Тайды токуп жетелеп,
Күш салды деп ойношот,
Кондуруп алып көпөлөк.

Жыл ажыраш бир адат,
Нооруз күнү болгондо,
Бирдин айы жаңырып,
Жыл он эки ай толгондо,
Балдарынын кийимин
Адырашман, арчага
Ысырыктап түтөтөт,
Ырымдарын күчөтөт.

Алас-алас, алас деп,
Балакеттен калас деп,
Жаңы жылда балдарым,
Ырыс-кешик талаш деп,

Көчө жарма, сүр салат,
Койдун этин күр салат.
Бала дебей, чоң дебей,
Пайыр ырдан үн салат.
Ак сакалы баш алат,
Устукан деп аталат.

Кыз саймачы болот деп,
Сыйрып берет таңдайын.
Эркелетип ар дайым
Сылап коёт маңдайын.

Төшү менен жүрөгү,
Энчисине арналат.
Эркек балдар кулакты
Сүйүнүп алат кармалап.

Он үч жашын белгилеп,
Мүчөлүсүн чыгарат.
Эндик-упа сыйпатын,
Кыздын бетин кыналап.

Жасалгасы башкача,
Каркырасын сайынган.
Жаркыраган камка тон
Шөкүлө бар салынган.

Алты бакан селкинчек,
Кыздын ойну кыз оюн.
Уул-келин аралаш
Жар көрүшкөн ыр оюн.

Оюнунан айрылтып,
Бу калганың чыр оюн.

Баланы бер колума,
Мен ыраазы болоюн.
Ата-бала кайда экен,
Аман тирүү бар бекен?
Эрбеңдетип эрчитип,
Эгиз кулун телчитип,
Элиме алып кетейин.
Тогуз-Торо, Куртканын
Топурагын кечейин.
Өлгөн болсо сөөгүн бер,
Булгаарыга ороюн.
Ата-баба жаткан жер,
Арстанбапка коёюн.

Чоң кисеге салайын,
Жериме алып барайын.
Эли сөөгүн кордобойт,
Чогултканын далайын.

Үңүрөйүп хан айтты:
Үч мөрөйгө чыдасаң,
Анан берем кишиңди,
Сынап көрөм күчүңдү.

Балбан болсоң туруп бер,
Казаналык багылган,
Кашкар жактан алынган,
Чоңдугу сага барабар,
Жолборстой күчтүү чамынга
Чөкө түшүп отургун,
Чуркап келип далыңдан,
Көмөлөтө бир тебет,
Сынса мейли кабырган.

Күүлөнүп келип алдынан
Көкүрөккө бир тебет.
Турууштук бербей жыгылсаң,
Жапа тырмак эл тебет.

Токмок жеп үйгө кайтасын,
Көргөнүндү айтасын.
Үчүнчүсүн дагы айтам,
Азыр отур ти жерге,
Күңкү кытай калың журт
Көрүп турсун бу жерде.

### 8. ТОБОК ЧЫДАДЫ

Хан айткан соң отурду,
Тизе бүгүп чөк түшүп.
Тиги да чоң дөө экен,
Эл карады көз түшүп.

Чуркап келип бир тепсе,
Өзү кайра жыгылды.
Караңгылап эки көз
Бардап-бардап жумулду.

Экинчи мөрөй дагы ошо,
Далы ортого бир тепти.
Күрсү тийген эмедей
Добуш чыгып дүңк этти.

Анда Тобок муну айтат:
Олтургузуп тептирдиң,
Өпкө-боорум эздирдиң.

Кызыл камчы манжу деп,
Айрыкча Ду-Ду, Добай деп,
Илгертен айткан мындайды
Ошол ырас турбайбы.

Олтуртуп коюп урганың,
Мал ачуу да, жан ачуу.
Мындай кордук ишиңе
Мындан ары чыдабайм
Туруп берсин балбаның

Мен да тээп көрөйүн,
Ажалым жетсе өлөйүн.
Адил болсоң күрөштүр,
Күчүн өзүм ченейин.

Жыкканы мөрөй алуучу,
Жыгылган куру калуучу.
Илгертен берки расми
Кыргызда адат как ушу.
Дегенине макул деп,
Айтканына түшүндү.
Башка жерге жөнөштү,
Ченейин деп күчүндү.

## 9. ЗЫНДАНГА КЕЛИШТИ

Күнөкөр кирчү абактын
Дарбазасы чоюндан.
Алты качыр ачалбай,
Кендир аркан чоюлган.

Каалгада туткадан,
Колуңа кармап тарт деди.
Күчүң келсе кош колдоп,
Дарбазаны ач деди.

Ошол абак толтура,
Күнөкөр бар камалган.
Ажыратып таанып ал,
Издеп келген кишиңди.
Беш-алты жүз адамдан.

Дегенинде сүйүндү,
Элдин баары үйүлдү.
Чоюн эшик дарбаза,
Туткасынан кармаса,
Төрт манжасы баткан жок,
Мына кызык тамаша.

Ортону менен сөөмөйүн,
Илип алып туткага,
Булкуп сууруп алганда,
Ызаланып падыша
Нааразы болгон устага.

Ал устаны алдырып,
Мойнуна зоолу салдырып:
Кадоосун бекем орнотпой,
Туткасын да тар кылып,
Намызымды кетирдиң
Элге-журтка даң кылып.

Деди дагы устаны
Башын каптап ширгеге,

Айдап кетти жасоолдор,
Күнөкөр жатчу түрмөгө.

Ал жерде Тобок тим турбай,
Кетенчиктеп күүлөнүп,
Ачуусу келип сүйлөнүп,
Дарбазаны бир тепсе,
Быркырады, кыйрады,
Какшай түштү шыйрагы.

Алты качыр күч менен,
Ачып жапкан дарбаза,
Аңырайтып талкалап
Улукка кылды тамаша.
Дешип элдер ыраазы
Тобоктун күчүн сынады.
Белгилүү турат аларга
Дагы шумдук кылаары.

## 10. ТОБОК КҮНӨКӨРЛӨРГӨ КИРДИ

Чептин ичи чоң короо,
Бөөт-чөөт тамдар бар.
Албарстыбы, адамбы,
Түркүн-түркүн жандар бар.

Чачтар өсүп жер чийген,
Денесинде кийим жок.
Какач баскан, бит баскан,
Жашынарга ийин жок.

Тырмак өскөн ороктой,
Көрбөгөнгө жомоктой.

Желдет арбын кирбесе,
Башкаларын тоотпой.

Адамды көрсө тим эле,
Талап кетчү түрү бар.
Баары мастан кемпирдей
Айбалыдай сүрү бар.

Ал кездеги Манжунун
Күнөкөрү ошондой.
Өмүрү өтөт ал бойдон,
Тирүүсүндө бошонбой,

Чач-тырмагын алдырбайт,
Боюн сууга салдырбайт.
Эч болбосо денеде
Какачын да кырдырбайт.
Зоолу кишен бутунда,
Аркан бою жылдырбайт.
Беш-алты жүз күнөкөр,
Барын катар тургузду.
Арасынан кишинди

Таанып ал деп киргизди.
Күнөкөрлөр тизилип,
Олтурушат жанаша.
Буларда кайдан болсун деп,
Көз жүгүртүп караса.

Баары эле бирдей айбаалы,
Тобок таппай айланы.

Эми кандай кылам деп
Добуш салып калганы.

О, Жанболот барсыңбы!
Деген үнү угулду.
Турам деп чачка чалынып,
Өйдөлөнүп жыгылды.

Жанындагы баласы,
Жыйырма бир жаштагы.
Турам деп Берик жалгызы
Жыгылып кете жаздады.

Ач-арбак болуп калыптыр,
Аябай эле арыптыр.
Атасына кошоктоп,
Агада зоолу салыптыр.

Өздөрү каткан ыргайдай,
Биттери болгон торгойдой.
Улуктан Тобок сурады.
Кетейин жолдо кор болбой.

Матадан көйнөк-дамбал бер,
Тамак-аштан жардам бер.
Жылуу суу менен ак самын
Какачын эзем андан бер.

Дегенден соң буркурап,
Ата-бала ыйлады.
Көлкүлдөтүп көл кылып,
Көздүн жашын тыйбады.

Боз кисенин жанында,
Булгаарыдан кылабдан [1]
Анын ичи толтура,
Тырмак алчу чырабзал [2]
Кайчысы бар, тарак бар,
Күзгүсү бар, карап кал.

Жалкыны карыш устара,
Ал өзүнчө кынында.
Чач алам деп курчутту,
Жануура бар шымында.

Дене-боюн тазалап,
Киринтип сууга салганча.
Кырып-сүртүп какачын,
Тырмактарын алганча,
Машрөөдөн [3] тигилген,
Көйнөк-ыштан, бут кийим,
Баласына, өзүнө
Эки сыйра жуп кийим
Алып келип кийгизди,
Ээн үйгө киргизди.

Беш-алты күн коноктоп
Оокатын берди аябай.
Он бир жылдык зындандын
Запкысы бойдон тарабай,

Ден соолуктан кемиген,
Басууга тың жарабай.

[1] Тиш чукуур, шибеге, устара салчу кын.
[2]. Маки
[3] Мата

Эки бутун чор басып
Кетпептир шишик тарабай.

Жаңыртып кийим кийинди,
Өлмөк эле тирилди.
Ичип-жеп абдан багылды,
Бактына Тобок кабылды,
Баласы экөө ошентип,
Он бир жылда табылды,

Кайтарында үч качыр,
Азык арткан күч качыр,
Барысы күчтүү төрт качыр.
Ат ордуна миништи.
Айлына карай жүрүштү.

Ошол тапта ойрондор,
Отурганын, турганын
Байкап жүргөн турбайбы.
Уу беришке буларга
Чайкап жүргөн турбайбы,
Баласы Берик сындарын
Курачысы [1] байкаптыр,
Барынан кыйын чыгарын,
Билип башын чайкаптыр.

Эр жеткенде бул бала,
Капкалуу калаа ээлейт го
Кысасын алып Манжудан
Баш чеңгелдеп мээлейт го.

---

[1]. Сынчы.

Калалуу коргон Бээжиндин
Чебин келип бузат деп,
Ушу баштан камынып,
Салайын буга тузак деп,
Үч күнгө болжоп уу бердим,
Бачымыраак узат деп,
Падышага курачы
Кайта-кайта айткан го.
Бир топ күнү өр алып,
Элине булар кайткан го.
Төрт качыр бар олжосу.
Жүктөгөнү жол азык.
Үстү-башы жаңырып,
Буйруптур туз насип.
Тобок чыкты падыша турган жерден,
Ат ордуна качыр минип катаал көргөн.
Туткундан Жанболотту ажыратып,
Кош эми деп жол алган ошол элден.

Бээжинден үч күн бери жылганында,
Баласы жыйырма жаш кырдалында.
Өлүптүр, этин шылып, сөөгүн алып,
Бапестеп орогон дейт, булгаарыга.

Душмандын жергесине койбоймун деп,
Өлүктү касиеттеп коргоймун деп,
Колтуктап келе берген алыс жолдон
Антпесем атым Тобок болбоймун деп.

Ариеттеп Курткага көмөбүз деп,
Кантели кудай салса көрөбүз деп.
Эл айтса бир да бирин тилин албай,
Арстанбап чоң мазарга жөнөйбүз деп.

Алып барып сөөгүн анда койгон дешет,
Анык иш, нак ушундай болгон дешет.
Тобоктун атындагы жайлоосу бар,
Батышын Бала таман, коргон дешет.

Кыргыздын ошо кезде анты ошондой,
Ар уруу өз-өзүнүн шарты ошондой.
Кыпчактан кызыл арстан жаткан жер деп,
Ардактап мазар күткөн калк ошондой.

Не дейли ал кездеги үрп-адатка,
Антпесе калат экен жаман атка.
Ал кездеги ушу убакка дейре кыргыз
Сыйынып келе берет Арстанбапка.

Чыксын деп даңазалайм алптын атын,
Балага тийгизген чоң шарапатын
Жырткычтын туткунунан алып чыкса,
Неге айтпайм жапаа чеккен далалатын.

Душмандын жерине сөөк таштабайм деп,
Денесин шылып салган үрп-адатын,
Ойлонуп мен ошону жаза салдым,
Кыргыздын өткөндөгү күлкү адатын.
Жол кайда, ханы кайда, Бээжин кайда,
Калың эл, кара кытай ошол жайда.
Ата-бала башына ширге каптап,
Жер түбүнө алып кетсе алда кайда,
Эл келип тапшырган иш оңой бекен,
Жөө жүрүп барып келиш он төрт айда.
Чыдамдуу, бардашынан баатыр дедим,
Чоңдугун алп Жолойго жакын дедим.
Өлүү-тирүү экөөнү тең алып келип,

Жыттаткан Тяншандын атыр желин.
Атантай—Тайлак баатыр андан экен,
Ага каршы Кокондун хандары экен,
Кыргызды боштондукка чыгарам деп,
Жол тосуп, жасоо айрып барган экен.
Бел ашып аскер башчы арап менен,
Беттешип, жеке чыгып сайган экен.
Бычандын Көк-Суу деген өрөөнүндө,
«Арап өлгөн» деген атка калган экен.

Буларды көрбөсөк да уккан үчүн,
Улартып көркөмдөдүм баатыр күчүн.
70 жаштан ашып картайганда
Кетсе да раазы болдум жарым күчүм.

Мен көрүп Кожомкулду жактап жүрөм,
Бастырып беш манжасын сактап жүрөм.
Көрсөтүп көрбөгөндү таң калдырып,
Ат көтөргөн күчүн айтып мактап жүрөм.

Бу сөздү жер-суусунан баштап эле,
Тобокту жазгын деп эл, айткан эле.
Ан үчүн жаштарыма тартууладым
Жетимиш экимдеги жазмам эле.

Окуп кой жаш-карылар, бурадарым,
Фольклор, мурас жыйнап убарамын,
Бар болсо сөз ичинде каталары
Кечирим, өзүңөрдөн суранамын.

## МҮЛҮШКӨР МЕНЕН КУШ

Алгыр куш канча түргө бөлүнөрүн,
Айтуудан карган чакта эринемин,
Оозеки жоораганча ак кагазга
Жазгандан кантип мен зеригемин.

Куштарды алда нече түргө бөлөт,
Укканды мына мындай дегим келет:
Ак куш жана кара куш деп коюшат,
Кара куш качырганда тепкени өлөт.

Ардактуу, кымбаттуусу ала барчын,
Кара куштун алпы ошо бүркүт баатыр,
Кайберен төрт аяктуу болсо мейли,
Аларга сала берет заман акыр.

Айланып асман карай атылганда,
Алыстан арстан коркот качырганда,
Каман да, карышкыр да эси чыгып,
Калкаланат карагай-чер, чытырманга.
Эчки-теке кийикти эңип кетет,
Уясына алпарып этин жешет.
Түлкүдөн эгип алат, элге жагат.
Мүнүшкер чырга тартып жемин берет.

Ылаачындын кыйынын барчын дешет
Коёнду, каргаларды алып жешет,
Ителгиден чыкканы шумкар болот,
Тоодакты, коёнду да жарып жешет.

Турумтай кара куштун эсебинде,
Жагалмай жандап учат кезегинде,

Боз торгой эси чыгып кире качат,
Корголоп адамзаттын этегине.

«Куу булут кумпай» чыгат турумтайдан
Жылкыдан «Тулпар» тандайт кулун- тайдан.
Күлүк менен топорду ажыратып
Сынчылар көрүп тааныйт алда кайдан.

Саяпкер деп атты байлап чапканды айтат.
Мүнүшкер деп куштарды бакканды айтат.
Ал кушкар илбесинге көңүлдөнүп
Ала турган кыямын тапканды айтат.

Ак куш деп кушту айтат, кыргыйды айтат,
Куштан чыккан кыйыны туйгунду айтат.
Жеке эле туйгун эмес дагы түрү,
Көлдөн өрдөк учурбас тунжурду айтат.

Ак куштун кичинесин чүйлү дешет,
Чүйлүнү ырга жазуу келди кезек.
Илгерки бир жомокту козгоп өтүп
Картайганда ырдадым тилди безеп.

Уккан сөз: бир заманда ачарчылык,
Болуптур бир кыйласы тукум курут,
Ызарга кыргыз эли үркүп барып
Гөлөпкө, жергеталды мекен кылып.

Калганы анда калып кеткен тенип,
Ажалдуу ар кай жерде өлгөн өлүп.
Ач белде, куу жондордо азап тартып.
Өлбөгөн жан сактаптыр тирүү келип.

Жүрүптүр бир мүнүшкер алып чүйлү
Чүйлүнү эл үркквндө кимдер сүйдү?
Канчалык азап тартса таштаган жок
Калтырбай таап жемин багып жүрдү.

Келди дейт арып-ачып отуз үйлүү
Алардын караганы ошо чүйлү.
Кекилик-чил, коёнду кырып салат,
Илбесин этин жешти, эли сүйдү.

Жумгалдын кептешинде көкөмерен
Суу бойлоп кыштап калды айыл менен
Ошончо эл бир чүйлүдөн оокат кылып
Жайма жай, жан багышып турду кенен.

Бир күнү Кара чүйлү качты колдон,
Канаттуу табылбады тоодон-ойдон.
Арман түз, жылма жылас болдук белем
Дешишип кармамакка жайды тордон.

Торго да жолободу учуп жүрүп,
Кекилиги көп жерге салып бүлүк,
Өлтүрүп бир өндүргө таштап коёт
Алганда кекиртегин кыя берип.

Бат эле айдайкактан таап келип,
Сүйүнттү айылына чаап келип.
Өшөнтүп элди баккан ал чүйлүнү,
Көндүргөн илбесинге салып берип.


Мүнүшкер анын табын билген үчүн,
Эл баккан ачарчылык күндөр үчүн,

Керектүү «Кара Таштын оору жок» деп
Ошондон макал калды биздер үчүн.

Бөпүлөп учуп жүрсө этек түрүн,
Болобу мүнүшкердей аттан күлүк.
Айлана асман тиктеп жер кыдырып
Кармаган үндөк менен үндөп жүрүп.

Керектүү кара чүйлү кадырлуусу
Эл баккан мүнүшкердин алгыр кушу.
Куш эмес кыргыз эли кыйтуулаган
Бүркүткө бөрү алдырган насиптүүсү.

Табылып кара чүйлү элди бакты,
Эл келип ак маялуу жерин тапты.
Ал күндө нечен кыйыр басып келип,
Акыры өстү таалай биздин бакты.



*Абдыкалык Чоробаев*

**ВЕЛИКАН ТОБОК**

**(легенды-сказки)**

На киргизском языке

ДЛЯ ЮНОШЕСТВА

ЖАШТАР ҮЧҮН

Редактор *Д. Сулайманов*
.удожн. редактор *Е. Соколов*
Техн. редактор *С. Сарыгулов*
Корректор *М. Ашымбекова*

Терүүгө 7/V 1970-ж. берилди. Басууга 16/VII 1970-ж. кол коюлду. Кагаздын форматы 70 × 108[1]/32. 2,40 басма табак 2,55 учёттук басма табак. Д—06447. Заказ № 1317. Тиражы 5000. Баасы 27 т.

Киргизполиграфкомбинат Главполиграфиздата Мин. культуры Кирг. ССР, г. Фрунзе, ул. Жигулевская, 102.